


American University of Central Asia

Борбордук Азиядагы Америка университетинин президенти Эндрю Вахтел менен маек:

# “АМЕРИКА УНИВЕРСИТЕТИ КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС ОКУУ ЖАЙ”

**-Урматтуу Эндрю мырза, Борбор Азиядагы Америка Университети Кыргызстанда көп жылдан бери иштеп келет. Бул окуу жайдын башка окуу жайлардан өзгөчөлүктөрүнө токтолсоңуз?**

-Америкада окуу системасы башка Европа мамлекеттеринен өзгөчөрөөк. Мен Европа жана Советтик окуу жайларындагы билим берүүгө токтоло кетейин.

Окуу жайга кабыл алынган канча студент болсо алар окуу менен алектенет, мугалим сабак берет, студент угат, анан ошол система кайталана берет мугалим эмнени айтса, студент ошону кайталап берип баа алат. Азыркы дүйнө тажрыйбасында билим алуу күн санап деңгээли түшүп бара жатат. Тажрыйбалуу, иштеп кетүүгө жөндөмдүү адамдардын саны күн сайын өсүүдө. Анын үстүнө компьютер, технология, мобилдик телефондор менен иштегендер көбөйүп жатат.

Биздин билимге көз карашыбыз башкача. Бизде болсо өз ичинен суроолорду бергенче өзү аракеттенгенге, өз алдынча маселе чечүүгө көп көңүл бурулат. Көз карандысыз болууга аракеттенет.

**-Сиздерди эл арасында коммерциялык университет деп билишет. Ушуга оюңуз кандай?**

- Түшүнбөстүктөн улам биздин университетти коммерциялык университет деп эсептешет экен. Анда мен түшүндүрүп өтөйүн – Биздин окуу жай кайрымдуулук акциясы сыяктуу формада түзүлгөн. Контракттык төлөмдөр бюджеттин 40%ын гана түзсө, кантип коммерциялык болмок элек? Жалаң чыгаша менен иштейбиз. Эч кандай киреше, пайда таппайбыз. Биздин башкы максатыбыз – сапаттуу билим берүү.

Бул максатыбызды ишке ашырып келатабыз. Ошондуктан донорлор биздин ишибизди көрүп, көп жылдардан бери демөөрчүлүк кылып, колдоп келатышат. Бизде студенттердин бардыгы эле контракт төлөп окушпайт. 150 студент акысыз билим алышат. Мектепти алтын сертификат менен аяктагандарды, тоголок жетимдерди акысыз негизинде окутабыз. Мындан башка студенттердин финансылык абалдарына жараша ар кандай жеңилдиктер берилет.

**- Сиздердин окуу жай Орто Азияда биринчи болуп АКШдан аккредитациядан өттүңүздөр эле. Бул аккредитация сиздерге эмне берет?**

- Аккредитацияга ээ болуу менен БАУ Борбордук Азиядагы АКШнын да дипломду берилген жалгыз университетке айланды. Биздин окуу жайды бүткөндөр бир эле мезгилде АКШнын Bard университетинин да дипломун ала алат. АКШнын өзүндө 50 миң долларга билим алууга мүмкүн болгон окуу жайдын дипломуна Кыргызстанда туруп эле ээ болушат. Орто эсеп менен студенттердин 95%ы жеңилдетилген шарт (скидка) менен окуйт.

**- Кыргыз Америка университети кандайча пайда болгон?**

- 1997-жылы Кыргыз Америка факультети Кыргызстандагы Америка университети болуп кайрадан уюштурулган. КАУнун негиздөөчүлөрү же уюштуруучулары болуп кыргыз Өкмөтү жана Ачык коом институту болгон. Университеттин өнүгүшүнө уюштуруучулар өз салымдарын кошууга макулдашышкан. Ачык коом институту жана эл аралык донорлор финансылык (жылына орто эсеп менен 3 млн. доллар) жардам көрсөтүшкөн.

Өкмөт болсо өз салымы катары Бишкектин борборунан кайтарымсыз негизде пайдаланууга имарат бөлүп берген. Ачык коом институту (БААУнун негиздөөчүсү) жана Кыргыз Өкмөтү тарабынан имаратты кайтарымсыз пайдалануу үчүн макулдашуу келишими кол коюлуп бекитилген. Мына ушул келишимдин негизинде биз ушул имаратты колдонуп келе жатабыз.



Талант СУЛТАНОВ, Борбордук Азиядагы Америка университетинин вице президенти:

# “БИЗДИН ИМАРАТ ДҮЙНӨЛҮК СТАНДАРТТА КУРУЛАТ”


***-Борбор Азиядагы Америка университетинин мурда имараты жок эле. Эми жаңы имарат кура баштадыңыздар, ошого токтоло кетсеңиз?***

-Жаңы кампстун курулушу өткөн жумада башталды. Тендер өткөрүлдү. Жаңы курула турган окуу жайдын долбоорун Американын архитектору жана дизайнери Генри Майберг жасап берди. Курулуп жаткан жаңы кампус азыркы мезгилдеги дүйнөлүк стандартка туура келет. Биз донорлордун жардамы менен 3 га жерди сатып алганбыз. Курулуш каражатына донорлор аркылуу баш аягы 20 млн. доллар акча каражат бөлүнгөн. Кампустун жалпы аянты 16.000 кв.метр болот, 1500 студенттер окуп 300гө жакын окуучуларга ылайыкталган.

Жаңы кампуста жаңы технология колдонулуп жатат. Эң кызык жери окуу жайга геотермалдык энергия колдонулуп жатабыз. Бул Кыргызстанда биринчилерден болуп колдонулууда. Бул геотремалдык энергия деген жердин алдындагы ысык энергия менен ысытылат, жай мезгилинде муздатылат. Эсептеп көрдүк, бул энергия 85% үнөмдөлөт экен. Канчалаган акча үнөмдөөгө жетишебиз. Экинчиден экологиялык жактан таза болот. Айлана-чөйрө булганбайт. Жылытуу системасынын мындай ыңгайлуу жана арзан түрүнө өткүсү келгендердин баарына эшигибиз ачык. Кеңешибизди айтып тажрыйба бөлүшүүгө даярбыз.



*Келечектеги жаңы имараттын көрүнүшү*



***БААУнун (АУЦА) жаңы муун академиясынын директору Жаннат Хетрикке бир нече суроолор менен кайрылдык.***

# ЖАҢЫ МУУН АКАДЕМИЯСЫ ЖАШТАРГА БИЛИМ БЕРЕТ

**-Урматтуу Жаннат Хетрик БААУнун алдында уюшулган Жаңы муун академиясын түзүү идеясы кандайча пайда болду, башкы максаты эмнеде?**

-ЖМА (Жаңы муун академиясы мындан ары ЖМА) Борбор Азиядагы Америка Университетинин алдындагы бир жылдык даярдоо программасын окутат. Бул идея БААУнун президенти Эндрю Вахтелге жана демөөрчүлөргө таандык. Биз БААУнун алдында мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку окуу жайларына даярдайт. Академиянын башкы максаты Кыргызстандын бардык областтарындагы мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку билимге ээ болуусуна көмөктөшүү болуп саналат. Республикабыздын жогорку окуу жайларына тапшырууда алыскы райондордун бүтүрүүчүлөрү борборубуздун бүтүрүүчүлөрүнө тең келе албашы мүмкүн. Себептери көп. Мында негизги эки себеп, алар орто мектепте начар билим алышы же материалдык жактан кыйынчылыктар болуп эсептелет. Ошондуктан БААУ (АУЦА) университетке бүтүрүүчүлөр үчүн атайын бир жылдык алдын ала даярдоочу жаңы муун академиясын уюштурган.

**-ЖМАга ким көмөк көрсөтөт?**

-Жаңы муун академиясына демөөрчү катары МИНА корпорациясы 70 стипендияга ЖМАда окугандар үчүн, 15 стипендия БААУ (АУЦА)га окуу мезгилинде төлөп турат. Стипендиянын ичине окуу үчүн чыгымдары, жатаканадагы жашоо, үч маал тамагы кошо кирет. Академияга окугандардын көбү алыскы райондордон болгондуктан ошондой эле ата-энесинин алыстыгын эске алышып мыкты окуу үчүн шарт түзүлгөн.

**-Балдар кайсы негизде тандалып алынат?**

-Негизги эки багыт эске алынат. Үй-бүлөнүн материалдык абалы жана кандидаттын жогорку академиялык мүмкүнчүлүгү. Конкурсанттар бир топ финансыга документтерди тапшырышат (тизмелерди биздин сайттан табууга болот) жат жазуу сунуштамалар, арыз бланкаларын толтуруу, диплом жана грамоталардын көчүрмөлөрү. Экинчи топто жарым финалисттер англис тили боюнча тесттен жана аңгемелешүүдөн өтүшөт. Жогоркулардын негизинде мыктылары тандалып алынат. Бизди айрыкча окууда мыкты ийгиликтерди камсыз кылгандар, коомдук иште активдүүлүгүн көрсөткөн, спортсмен жана чыгармачыл балдар кызыктырат. Келечектеги 11 класстын окуучуларына кайрыларым ЖМАнын келерки жылдагы стипендиясын конкурста жеңип алууга катышкыла демекчимин. 2013-14- окуу жылына карата жаңы билдирмелерди күтөбүз.

**-Региондордон жыл сайын канча бала кабыл алынат?**

-Жыл сайын бир жылдык окууга тамак ашы, жатаканасы, окуусунун чыгымына 70 стипендия бөлүнөт. Финалисттер республиканын бардык райондорунан бирдей тандалып алынат. Тилекке каршы быйылкы жылы КРнын кээ бир региондорунан баары катыша алган жок. Талас, Жалал-Абад, Ош областтарынан конкурска аз окуучу катышты. Баткен, Ысык-Көл, Нарын, Чүй областтарынан эң мыкты кандидаттар тандалып алынды.

**-Жыл ичинде алар эмнелерди окушат?**

-ЖМАнын окуу программасында англис, орус, кыргыз тилдеринен жана математика, эстетикалык билимдерге тарых жана компьютердик сабатсыздыкты жоюуга көп көңүл бөлүнөт. Негизги багыт аналитикалык ой жүгүртүүгө, карым-катнаш, байланыш маселелерин чечүүгө машыгууга бөлүнөт. ЖМА алдына угуучуларды жогорку окуу жайга окууга даярдоо багытында иштейт.

**-Мамлекеттик билим берүүдө, алыскы райондордогу орто мектептерде билим берүү ушунчалык төмөнбү? Университетке тапшыра алышпайбы?**

-Тилекке каршы, толук орто билим берүүгө, азыркы күндө мектептерде материалдык-техникалык базалардын начардыгы, жогорку квалификациялуу предметтик мугалимдердин жетишсиздиги социал-экономикалык абалды ордугу негизги маселе болуп келүүдө. Бүгүнкү билим берүү системасынын алдындагы кээ бир кемчиликтер ушулар. Биз айылдык мектептен бүткөн балдарды жогорку окуу жайына тапшырууга бирдей мүмкүнчүлүк шарт түзүп беребиз.

**-Окууну бүткөндөн кийин БААУга (АУЦА) окууну каалайбы же алар финансылык көмөккө ишенеби?**

-ЖМАны аяктагандан кийин бүтүрүүчү БААУ (АУЦА) же кааласа башка жогорку окуу жайларына тапшырууга мүмкүнчүлүк алат. Кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшыргандар БААУ (АУЦА)га кабыл алынат, 15 эң мыкты ЖМАны академиясын аяктагандар 4 жыл бою билим алуу үчүн грант ала алат. Ал эми калгандар болсо финансылык жардам алууга, ЖМАны бүткөндүгү боюнча сертификат жана үй-бүлөсүнүн финансылык абалы боюнча документтерди көрсөтүп билдирмелерди беришет.

**Бетти даярдаган**
**Орункул САТЫКУЛОВ**